УДК: 78
**DOI:10.58494/esai.25(10).2025.33**

*Итиев Мирбек Токтогулович,*
*магистрант, ОшМУ*

*Итиев Мирбек Токтогулович*
*магистрант, ОшГУ*

*Itiev Mirbek Toktogulovich*
*master's student, Osh State University*

## РЫСПАЙДЫН ОБОНДОРУНУН МУЗЫКА ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ ОРДУ

**Аннотация.** Макалада Азыркы мезгилде Р.Абдыкадыровдун гениалдуулугу жаштардын терең катмарына терең сиңип, анын ырлары ырдалып, даңазаланып, композиторго арналган түрдүү көз караштарга терең көңүл бурулду. Ошондой эле, Рыпайды тарбиялаган устаты жөнүндө жана анын индивидуалдык адамдык касиеттери ачылып берилди. Аккордеон Р.Абыкадыровдун чыгармаларын жаратуудагы орду жана ал аккордеонду кандай колдонгондугуна маани берилди.

**Түйүндүү сөздөр:** вокал, гениалдуу, аккордеон, устат, композитор, акын, ырчы, обончу.

## МЕСТО МЕЛОДИЙ РЫСПАЯ В МИРЕ МУЗЫКИ

**Аннотация.** В статье акцентируется внимание на том, что в современное время гений Р.Абдыкадырова глубоко проник в молодежь, его песни поются и восхваляются, а различные взгляды на композитора нашли глубокое отражение. В произведении также раскрывается история наставника Рыспая и его индивидуальных человеческих качеств. Подчеркивалась роль аккордеона в создании произведений Р. Абыкадырова и то, как он использовал аккордеоны.

**Ключевые слова:** вокал, гений, аккордеон, мастер, композитор, поэт, певец, музыкант.

## THE PLACE OF RYSPAY'S MELODIES IN THE WORLD OF MUSIC

***Annotation.*** This article focuses on the fact that in modern times, the genius of R. Abdykadyrov has deeply penetrated into the youth, his songs are sung and praised, and various views on the composer have found deep reflection. The work also reveals the story of Ryspay's mentor and his individual human qualities. The role of the accordion in the creation of R. Abykadyrov`s works and how he used accordions were emphasized.

**Key words:** vocal, genius, accordion, master, composer, poet, singer, musician.

### Киришүү

Ырчылыктын келип чыгышы адамдын өзүнүн үнүн үндөрү менен маанайын билдирүүгө болгон каалоосу менен байланыштуу. Музыкалык аткаруучулуктун эң байыркы түрлөрүнүн бири – ырчылык үн каражаттары аркылуу музыкалык чыгармалардын идеялык-образдык мазмунун берүү. Вокалдык искусство эң жогорку мааниде да актёрдук жана трансформациялык искусство болуп саналат, ал өзүнүн мыкты көрүнүштөрүндө чыгармачылыктын бул түрүн өнүктүрүүнүн бардык зор тажрыйбасына негизделген. Демек, вокалдык жана аткаруучу чыгармачылык салт менен жаңычылдыктын гармониялуу айкалышы.

Азыркы мезгилде Р.Абдыкадыровдун гениалдуулугу жаштардын терең катмарына терең синип, анын ырлары ырдалып, даңазаланып, композиторго арналып ачкан бул клубдун мүчөлөрүнүн саны 120дан ашып, барган сайын саны көбөйүүдө. Бул клубдун негиздөөчү жетекчиси Султан Борошов болуп саналат. Келечекте «Жарк деп өткөн Рысбай кыргыздын муза символу» аттуу чыгармалар жыйнагын чыгаруу аракеттери жүрүүдө. Бул эмгек

композитордун 50дөн ашык чыгармасын өз ичине камтып, кыргыз жана англис тилдеринде жарык көрөт. Аны англис тилине Америка Кошмо Штатынын Нью-Йорк шаарында жашаган, эмгектенген композитор, ушул клубдун мүчөсү Антонио Пааш чет тилге которууда. Андан тышкары Антонио Пааш Рыспай Абдыкадыровдун «Сагынуу» аттуу музыкалык чыгармасынын негизинде 4 бөлүмдөн турган симфониясын жазып бүтүргөн [1].

Обон – бир үн менен туюнтулган музыкалык ой, музыканын негизги элементи. Обон ладдык-интонациялык, ыргактык уюмдашкан жана белгилүү бир структураны түзүүчү добуштардын катары болуп саналат. Обондун өзгөчө компоненти – обондук багыт. Европанын (анын ичинде орустун, кыргыздын) азыркы обону негизинен мажордук-минордук системага негизделген.

Жогоруда терең чагылдырылгандай, музыканттар, обончулар, композиторлор, акындар бардыгы музыкалык маданиятты байытып, андан ары өнүктүрүп келишкен. Алардын катарында кыргыз элинен чыккан улуу обончу ырчыларыбыз элибиздин турмушун ар тараптан жалпылап ыр түрүндө жайылтып келишти.

Чындыгында, Рыспайдай таланттуу болсок деген аруу тилек кылган жогору баалаган шакирттери арбын. Тилекке каршы, шакирттеринин арасынан, ушул күнгө чейи “Рыспайдай” обончуну көрө элекпиз. Көрсө, Рыспайдай композитор бир кылымда бир гана жолу жаралган, ыр дүйнөсүндө шаншый баарынан бийик, жогору учкан шумкар сыяктуу болот экен. Анын шакирттерин мындай бийиктикке жете албайсынар деп кесе айтуудан алыспыз. Рыспай айткандай, бир пайыз талант, токсон тогуз пайыз үзүрлүү эмгек болсо, балким улуу таланттар жаралышы мүмкүн [2, 55-б.].

Абдыкадыровдун шакиртинин ар биринин өзүнө таандык добушу, үнү, таланты, дарамети бар. Биз мында радиодогу ырларын угуп гана таасирленип ырдап чыккан адам катары эмес, бир топ мезгил бою артынан калбай ээрчип жүргөн, ал тургай, бир үйдө ата-баладай болуп бирге жашаган жакын шакирти, Рыспай Абдыкадыров атындагы төш белгинин ээси, Маданияттын мыкты кызматкери, аккордеон элдик аспаптар номинациясынын жеңүүчүсү Эсеналы Кенжебаевдин Рыспай тууралуу эскерүүлөрүнө токтолууга болот.

Рыспай өзүнүн обондорун далай жолу мункanta, сыздата кол ойноткон “Велтмейстер” моделиндеги аккордеондо аткарган. Рыспай бул аккордеон мен үчүн ыйык деп белгилеген. Ал өзүмдү “сен” деп, улуу урматтуу устатымдын аккордеонун “сиз” дейм деп айтып өткөнү бар.

Рыспай өзү “Красный партизан”, “Восход” маркасындагы аккордеонду абдан жактырчу. Рыспай агай суктанып жүргөн аккордеонду азырынча эч кимден да көрө элекмин. Ал аккордеон – Италия өндүрүшүнөн чыккан “Скандали” деген аккордеон болгон. Ал дайыма, бузулуп калган аккордеондон да сонун үн чыгарып жибере турган жөндөмдүүлүккө ээ болчу. Кээ бир аккордеондордун бир клавишасы басылган бойдон кайра көтөрүлбөй калса, башка клавишаларында кол ойноткону токтотпостон бир манжасы менен бузук клавишаны учунан илип көтөрүп ондоп койоор эле [3, 55-б.].

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, обончу, композитор Рыспай Абдыкадыровдун жалпы кыргыз элине белгисиз, буга чейин элге сахнада тартуулабаган үч жүзгө жакын обондору табылган. Учурда Рыспай Абдыкадыровдун угармандары жүз элүүгө жакын ырлары, обондору элге кеңири белгилүү болгон. Андан башка ал менен жакындан тааныш болуп жүргөн күйөрмандарынын айтымына караганда, Абдыкадыровдун элге тартулайм деген обондору көп болгон деп белгилешет. Ошондой эле обончу, композитор дайыма ал ырларын “өзү каалагандай максатка жете элек” деп эч жерде ырдабай сактап, бекитип жүргөнүн көргөндөр да бар болгон деп айтышат.

Учурда эстрада «жылдыздары» композитор Рыспайдын ырларын заманбап кылып ырдап жүрүшөт, анын ысмы менен упай топтоп, кадыр алууга аракет кылып ырдап жүргөнү баарына белгилүү. Анткени Абдыкаров Рыспайдын ырлары канча кылым, канча убакыт өтсө да ар бир доордун замандашы катары жашай бере турган баалуу чыгармаларга жана касиетке ээ.

Ошолордун бири Үсөн Термечиков деген инсан сыр сандыкка катылган обондордун ичинен айрымдарын угуп да калган: Анын эскерүүсү боюнча Рыспай сандыгын ачып, мага тогузга жакын обондорун ойноп берген деп билдирет. Анын бул музыкалык чыгармаларын

угуп жатып көзүмө жаш айланганын өзүм сезбей калгамын деп белгилейт. Менин пикиримче, ошол мен уккан обондор “Издейм сени” деп аталган обонунан да мыкты обондор болчу. Кийин ошол уккан обондорду эл арасына чыгып ырдайт деп жүргөмүн, бирок ал обондордун бирин да уккан жокмун [4, 5-б.].

Термечиковдун пикири боюнча, Абдыкадыров Рыспай өзүнүн өмүрүнүн акыркы жылдары ага чейинки өзү жараткан чыгармачылыгына таптакыр ыраазы болбой жүргөн обончу болгон. “Ал эми андан кийин жараткан обондору өтө татаалдашып, манызы боюнча абдан тереңдеп бараткандыгын туюп сезген” дейт.

Ал аккордеон музыкалык аспабын ийине жеткире чебер, устаттык ойноо аркылуу салттуу болгон кыргыз элинин музыкалык чегин, диапазонун терең ойлору менен кеңейтип, европалык жана улуттук музыкадагы формаларды, ыкмаларды, вариацияланган кайрууларды, классикалык үлгүлөрдү орду менен пайдаланып, музыкалык ойлордун туюнтулушун, чечмеленишин аккордеон музыкалык аспабынын бай мүмкүнчүлүгүнө багындыра алган. Чындыгынла, ага чейин вариациялап ойноо чеберчилиги аркылуу кыргыз улуттук музыкалык маданиятына чыйыр жол салган устат катары Мамат Оморов болсо да, шакиртинин атак-даңкы аны бүдөмүктөнтүп, бүт кыргыз журтуна Рыспай вариациялап ойноо устаттыгынын башкы сабында болгон [5, 102-б.].

Абдыкадыровдун ошол Оморовдон башка бир да устатым бар деген сөзүн эч качан айткан эмес. Чыныгы устатына сыймыктанган шакирт деп ушуну айтса болот. Ал өмүрү өткүчө устатынын ысмын оозунан түшүрбөй, аккордеонду ойногонду, нотага түшүргөндү, сахна маданиятын ошол устатынан үйрөнгөнүн дайыма эскерип жүрчү.

Бөкөнбай Боркеев баса белгилеп кеткендей, Рыспайдын өзүнүн кулк мүнөзү жаш баладай, наристедей кыялы жазгы күндөгү жаандай “жарк” дей түшкөн чагылгандай болчу. Ак көңүл, ичинде кири жок, кээде “ооздугу жок азоодой” алып учкан талантуу инсан болгон.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, обончу Р.Абдыкадыров жөнүндө эскерүүбүздө, кыргыздын улуттук аспабына айланып калган музыклык аспап аккордеон сөзсүз көз алдыбызга элестейт. Анын келбети, тулку бою турпаты да музыка менен, ыр менен желкесине асынган аккордеону менен бири бирине жуурулушуп калгандай көрүнөт болчу. Тим эле жарашып калгандай Рыспай менен аккордеон музыкалык аспабы бири-бирин толуктап тургандай сезилчү. Аккордеондо ойногон вариациялары өзүнчө эле керемет дүйнөнү сездирип турган, туюлчу. Чет өлкөдө жашаган музыкант: “Бул киши жалгыз эле өзү тирүү оркестр турбайбы!” деп таңданып жогорку баа бергени да маалым. Ал эми ырдоо чеберчилигичине жана үнүнө далайлар тамшанган.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Кылыч Торокулов, «Акыйкат», 03.12.2009-ж.
2. Боркеев Бөкөнбай., Борошев С. «Рыспай» томдуктары. Б.: «Бийиктик» , 2017
3. Кыргыз музыкасындагы симфонизм. «Кыргызстан маданияты» журн., №4, 1987-ж.;
4. Боркеев Бөкөнбай. «Ырга айланып учуп жүрөт Рыспай». Рыспай томдуктары. Б.: «Бийиктик» , 2013, 6-том. 5-бет.
5. Кыргызстандагы симфониялык жанрдын жаралуу тарыхы. «Илим аркылуу билим» эл аралык илимий-техникалык симпозиумдун материалдары. Бишкек. 2004.